# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИ

# ЖАРЛЫК

2013-жылдын 10-апрели ПЖ №74

## Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы жөнүндө

Кыргызстанда элдин биримдигин чыңдоо жана этностор аралык мамилелерди өркүндөтүү өлкөнү ийгиликтүү өнүктүрүүнүн эң маанилүү шарты болуп саналат, улуттук коопсуздуктун абалына түздөн-түз таасирин тийгизет.

Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңеши тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын, жарандык коомдун жана Кыргызстан элинин Ассамблеясынын кеңири чөйрөсүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен даярдалган Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясынын (мындан ары - Концепция) долбоору жактырылган.

Кыргызстан жана анын эли көп кылымдык тарыхында өзүнүн калыптануусунун ар кандай этаптарын баштан кечирди. XX кылымдын башындагы тагдыр чечүүчү өзгөрүүлөр кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуусу үчүн шарт түздү. Өлкөдө этностук жамааттардын эриш-аркак жашоосунун, таламдарынын шайкештигинин, тышкы жана ички коркунучтарга бирге каршы туруунун көп кылымдык тажрыйбасы топтолду. Өлкөнүн калкынын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн жана мамлекетке тарыхый аталыш берген кыргыздар Кыргызстандын көп улуттуу бирдиктүү элинин өзөгү болуп саналат.

Муну менен бирге көптөгөн жылдар бою этностор аралык мамилелер жаатында карама-каршылыктар менен көйгөйлөр топтолуп келген. Мамлекеттик натыйжалуу жана ырааттуу саясаттын, анын ичинде 1990-жылдагы этностор аралык жаңжалдын себептерин жоюу боюнча иш-аракеттердин жоктугу 2010-жылдын июнунда Кыргызстандын түштүгүндөгү кайгылуу окуялардын кайталанышына алып келди.

Өткөн үч жыл аралыгында Кыргызстанда жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү, турак-жайларды жана инфраструктураны калыбына келтирүү, жаңжалдардын себептерине талдоо жүргүзүү боюнча орчундуу иштер жасалды, келечекте алардын кайталанышын болтурбоону шарттаган жолдорду жана ыкмаларын издөө боюнча чаралар көрүлдү. Жасалган иштер Кыргызстан элинин биримдигин бекемдөөгө, коомду баш коштурууга жана этностук жамааттардын өз

ара аралашуусуна негиз түзүүгө багытталган узак мөөнөттүү чечимдерди кабыл алуу үчүн Концепцияны иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берди.

Концепцияны иштеп чыгуу 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясын жүзөгө ашыруунун алкагында ишке ашырылды.

Кыргыз Республикасынын улуттук биримдигин чыңдоо жана туруктуу өнүктүрүү, этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу боюнча узак мөөнөттүү чараларды кабыл алуу, тең салмактуу жана натыйжалуу тил саясатын жүргүзүү, жалпы жарандык бирдейликти калыптандыруу, ошондой эле өлкөнү андан ары өнүктүрүү жана улуттук коопсуздукту камсыз кылуу максатында

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. 2013-жылдын 18-мартында Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңеши тарабынан жактырылган Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- эки айлык мөөнөттө Концепцияны жүзөгө ашыруу боюнча 2013-2017-жылдардын мезгилине биринчи кезекте аткарылуучу иш-чаралардын Планын Кыргыз Республикасынын коргоо Кеңешинин мүчөлөрүнүн, мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандык коомдун сунуштарын эске алып, ачык-айкын чараларды, финансылоо булактарын, аларды ишке ашыруунун мөөнөттөрүн, аткарылышы үчүн жооптуу органдарды жана кызмат адамдарын аныктоо менен жеткире иштеп чыксын;

- башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте жана жарандык коом менен өз ара аракетте Концепцияны жүзөгө ашыруу боюнча 2013-2017-жылдардын мезгилине биринчи кезекте аткарылуучу иш-чаралардын Планын толук көлөмдө жана белгиленген мөөнөттө аткарууну камсыз кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом менен бирдикте Концепцияны жүзөгө ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн жана баа берүүнүн негизинде этностор аралык мамилелер жана Кыргызстандын элинин биримдигин чыңдоо жагында мамлекеттик саясатты өркүндөтүү боюнча туруктуу иш жүргүзсүн.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Атамбаев**